- жергиликтүү өз алдынча башкаруунун аткаруу органына жана жергиликтүү кеңешке биргелешкен мониторинг жана баалоо боюнча отчет берет;

- жергиликтүү коомдоштукка биргелешкен мониторинг жана баалоо объекттеринин биргелешкен мониторинги жана баалоо жөнүндө жыйынды отчет берет.

7.3.2. Проблемалардын жана өнүктүрүү программаларынын жана пландарынын пландаштырылган параметрлеринен четтөөлөрдүн келип чыгышынын эртелеп алдын алуу үчүн биргелешкен мониторинг жана баалоо объекттеринин ишине биргелешкен мониторингдин жана баалоонун, кызмат көрсөтүүлөрдү камсыз кылуунун максатында БМ жана Б тобу төмөнкүлөргө укуктуу:

1) мамлекеттик сырды түзгөн маалыматтарды, Кыргыз Республикасынын мыйзамдары менен ага карата жеткиликтүүлүк чектелген жеке маалымдар жана маалыматтар жөнүндө маалыматтарды камтыган маалыматты кошпогондо, биргелешкен мониторингдин жана баалоонун объекттеринен маалымат суратууга;

2) өнүктүрүү программаларын жана пландарын ишке ашыруу статусун баалоо, жүргүзүлүүчү иш-чаралардын өнүктүрүү программаларына жана пландарына, ошондой эле Жергиликтүү коомдоштуктун уставынын талаптарына, мониторингдин планына ылайык келүүсүн баалоо үчүн тиешелүү объекттерге барууга, көрмө кароолорду, өлчөөлөрдү жүргүзүүгө жана мониторингдин башка ыкмаларын пайдаланууга;

3) жарандардын жана алардын бирикмелеринин биргелешкен мониторинг жана баалоо объекттеринин ишине, ошондой эле өнүктүрүү программаларына жана пландарына жана алардын аткарылышына мамилесин аныктоо үчүн коомдук пикирди (жергиликтүү коомдоштуктун ар кыл катмарларын жана социалдык топторунун) иликтөөнү жүргүзүүгө;

4) өнүктүрүү программаларын жана пландарын, долбоорлорду, демилгелерди аткарбоо же талаптагыдай аткарбоо, товарларды, кызмат көрсөтүүлөрдү, жумуштарды жүргүзүүнү сапатсыз же өз убагында бербеген фактылар табылган учурда;

5) ЖӨБ органдарынын айкындуулугунун деңгээлин, бюджеттик айкындуулуктун муниципалдык индексин, аларды жүргүзүүнүн усулун аныктоочу типтүү жоболорго ылайык муниципалдык кызмат көрсөтүүлөрдүн сапатын баалоону жүргүзүүгө;

6) биргелешкен мониторинг жана баалоо жүргүзүүгө жарандарды жана алардын бирикмелерин, илимий, эксперттик уюмдарды, көз карандысыз эксперттерди, жалпыга маалымдоо каражаттарын жана башкаларды тартууга;

7) биргелешкен мониторингдин жана баалоонун айрым маселелери боюнча жумушчу топторду түзүүгө.

## VIII. Биргелешкен мониторингдин жана баалоонун натыйжалары жөнүндө документтер

8.1. Иш планга ылайык БМ жана Б тобу тарабынан жүргүзүлгөн иш-чаралардын натыйжалары боюнча тиешелүү документтер: акт жана жыйынды отчет түзүлөт.

Мониторингдин жана баалоонун актысы (мындан ары – акт) биргелешкен мониторинг жана баалоо жүргүзүү фактысын ырастаган документ болуп саналат. Төмөнкү милдеттүү маалыматтарды камтыйт:

- биргелешкен мониторинг жана баалоо жүргүзүүнүн максатын;
- биргелешкен мониторингдин жана баалоонун предметин жана объектисин;
- биргелешкен мониторинг жана баалоо жүргүзүүнүн ордун;
- биргелешкен мониторинг жана баалоо жүргүзүүнүн мөөнөттөрүн;
- төмөнкүлөрдү кошуп алганда, биргелешкен мониторингдин жана баалоонун натыйжаларын сыпаттоо:
  - фактыларды, же
  - баалоонун натыйжаларын табуу (анкеталоо, изилдөө, фокус топтор, коомдук пикирди сурамжылоо жана д.у.с.)
- биргелешкен мониторингдин жана баалоонун натыйжалары боюнча сунуштамалар жана сунуштар;